*Алымбаева Бермет Бекешовна,*
*илимий кызматкер*
*Кыргыз билим берүү академиясы*

*Сабырова Элзада Сыдыковна*
*педагогика илимдеринин кандидаты*
*К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети*

# ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН НЕГИЗИНДЕ КЫЗДАРДЫ ТАРБИЯЛООНУН ЖАШ КУРАК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Алымбаева Бермет Бекешовна,*
*научный сотрудник*
*Кыргызская академия образоваvния*

*Сабырова Элзада Сыдыковна*
*кандидат педагогических наук*
*Бишкекский Государственный Университет имени К. Карасаева*

# ОСОБЕННОСТИ ВОСПИТАНИЯ НА ОСНОВЕ НАРОДНОЙ ПЕДАГОГИКИ В ОТНОШЕНИИ ВОСПИТАНИЯ ДЕВОЧЕК

*Alymbaeva Bermet Bekeshovna,*
*researcher*
*Kyrgyz Academy of Education*

*Sabyrova Elzada Sydykovna*
*Candidate of Pedagogical Sciences*
*Bishkek State University named after K. Karasaev*

# FEATURES OF EDUCATION ON THE BASIS OF FOLK PEDAGOGY IN RELATION TO EDUCATING GIRLS

***Аннотация:*** *Руханий дөөлөттөрү бай жана бекем үй-бүлө бардык мезгилдерде, бардык коомдордун бакыбаттыгынын пайдубалы катары каралган. Макалада этнопедагогикалык ойлордун негизинде кыздарды тарбиялоодо ата-эненин орду көрсөтүлдү. Коомго толук-кандуу инсанды тарбиялоодо атанын да, эненин да аткарган иши кыз үчүн бирдей экендиги каралган. Өсүп келе жаткан муундардагы мыкты адамдык сапатты тарбиялоо жөнүндөгү ойду акылойчулдар дайыма айтышкан. Авторлор, кыздардын жашоо-тиричиликтеринин мүнөзү кандай гана өзгөрбөсүн, үй-бүлөлүк тарбия берүүдө, эреже катары, эл акылынан эленип чыккан үй-бүлөлүк осуяттарды карманаары зарыл деп карашкан.*

***Аннотация:*** *Во все времена в любом об-*

*ществе привитие нравственно-духовных ценностей подрастающему поколению являлось основополагающим фундаментом. Показано, что в этнопедагогике воспитание девочек является основной задачей родителей. В статье отражено, что в проведении полноценного воспитание роль отца и матери является главным принципом. Авторы статьи уделяют главное внимание в воспитании девочек правильному образу жизни, уважения к многовековому наследию кыргызского народа и дается характеристика семейным традициям, обычаям и нравам.*

***Annotation:*** *At all time, in any society inculcation of moral and spiritual values to the younger generation was a fundamental Foundation. It is shown that the pedagogy of the education of girls are the main task of parents. The article reflects that in conducting a full parenting role of the father and mother is the main principle. The authors focus in the education of girls the proper way of life, respect for the centuries-old heritage of the Kyrgyz people and the characteristic of the family traditions, customs and mores.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *этнопедагогика, педагогикалык ойлор, билим берүү, таалим-тарбия, үй-бүлө, коомдук статус, кыздарды тарбиялоо, адептик норма.*

***Ключевые слова:*** *этнопедагогика, педагогические мысли, обучение, воспитание, семья, общественный статус, воспитание девочек, норма воспитанности.*

***Key words:*** *pedagogy, pedagogical thought, education, upbringing, family, social status, education of girls, the provision of education.*

Тарбия адам коомунун эң негизги функциясы. Бүткүл адамзаттын иштеп чыккан материалдык жана руханий байлыгын улуу муундар кийинкилерге тарбия аркылуу берет. Улам кийинки муундар мурасталган тарбияны, материалдык жана руханий байлыктарды андан ары байытууга коомдо өзүн алып жүрүүгө камсыз кылат. Билимдүү адам коомдун талабын, жашоонун шартын жакшы түшүнөт жана баардык талаптарына жооп берет. Тарбия берүү өсүп келе жаткан муундун турмуш-тиричилигинин табигый булагы катары алгачкы коомдо пайда болгон. Этнопедагогика ар бир элдин чарбачылык-тиричилик тартипке жана көз караштагы туруктуу салттарына таянат. Кыргыз элинин улуттук этнопедагогикасы ушундай жагдайда улантылып келген. Бул салттар убакыттын өтүшү менен өзгөрүп турса дагы, бирок коом өзүнүн байыртадан бери калыптанып калган аң-сезимин, үрп-адатын, ырым-жырымдарын көптөгөн белгилерин, тиричиликтин түп нускасын жоготпой, элдин бүтүндөй руханий маданиятын унутта калтырбай, муундан-муунга өткөрүп келе жатат. Кыргыз этнопедагогикасы – улуттук руханий маданияттын өзөктөш бөлүгү. Ал жүздөгөн жылдар мурун пайда болуп, бүгүнкү күнгө келип жетти. Этникалык маданияттын баардык көрүнүштөрү сыяктуу эле билимдердин мазмунун түпкүлүгү ошол этностун жашоо-мүнөзүн, турмуш-тиричилик шарттарын, чарбалык иштеринин тарыхы менен тамырлаш. Билимсиз түркөй адамдын өмүрү, жашоосу кунарсыз, супсак болот [4].

Анткени ар кандай курчап турган чөйрөнүн кубулуштарын, оокат-тиричилик, чарба иштерин уюштуруунун татаал сырларын акыл-парасат менен аңдап, андан келип чыккан ой бүтүмдөрүн, топтогон тажрыйбаларын улам кийинки муундарга сабак катары берип турат. Кыргыз элинин көп кылымдык турмуштук байкоолорун, бай тажрыйбаларын унутта калтырбастан ооздон-оозго оозеки түрдө эмес, турмуштук практикада колдонуу менен иш жүзүнө ашыруу зарыл. Жаш муундарды билимге, билгичтикке үйрөтүүдө XX кылымдын башына чейин кыргыз элинин туруктуу кол жазмасы, маданияты, билим-илим берүү системасы бир калыпка салынып, өнүгө эместиги баардыгыбызга

маалым. Бирок жашоо-турмушка, күнүмдүк көр тиричиликке байланыштуу эмприкалык, практикалык билимдер дайыма үзгүлтүксүз муундан-муунга өтүп турган. Ар бир жаңы муун өзүнүн мурдагы тажрыйбасын өздөштүрүп, өнүктүрүп, байытып, кийинки муунга салттуу түрдө өткөрүп берген [4].

Көптөгөн каада-салттарга карата кыргыз аялынын мурунку замандагы оор турмушу, кыздарды тарбиялоого да өз таасирин тийгизген. Энелер кыздарына турмушта керектүү сапаттарды, турмуш практикасына негизделген иш-аракеттерди үйрөтүшкөн. Кыргыз элинде илгери кыз 9 жашка чыкканда «чач өрүү» салты өткөрүлгөн. Кыздын чачын майдалап өрүп, жакшы тилектерди айтып, ошол күндөн баштап кызга тиешелүү болгон турмуш-тиричиликтин иш-аракеттерин үйрөтүп, көзөмөлдөн өткөрүшкөн. Мисалы, уй саап, нан жапканды, сайма сайып, шырдак жасаганды, кийим-кече тиккенди, килем сокконду ж.б. ошондой эле чач өрүү салты өткөрүлгөндөн баштап кыз бой жетти катары каралып, ага күчөтүлгөн талаптарды коюп, ата-энеси, урук тууганы, айыл аксакалдары анын жүрүм-турумуна, жасаган ишине карата активдүү көзөмөл жүргүзүшкөн. Педагогика илими окуучуларды туура тарбиялоодо үй-бүлөнү эң жакын жардамчы деп эсептейт. Мында үй-бүлөнүн тарбиясынын өзүндө мындай артыкчылыктар жана баалуу каражаттар ата-эненин кадыр-баркы, кыздарга жекече мамиле жасоо мүмкүнчүлүгү, ата-эненин үлгүсү, үй-бүлөдөгү муундардын рухий байланышы эске алынат. Үй-бүлөдө ар бир инсандын өзүнүн ден соолугу, жалпы коомдун байлыгы жөнүндө пикири калыптанып, эмгек менен эс алууну рационалдуу түрдө айкалыштыруу жөндөмү пайда болот. Ошол эле учурда үй-бүлөлүк тарбиянын кемчилик жактары да эске алынышы абзел [3].

Кыргыз үй-бүлөсү өзгөчө кыз баланын таалим-тарбиясына өзгөчө көңүл бурушкандыктан кыз баланы психологиялык жана физиологиялык, жаш курактык жана жекече өзгөчөлүктөр менен өсүп жетилишине, эң негизги кызматы катары эмгекке тарбиялоого, адамдык аң-сезимин, мүнөзүн калыптандырып, акыл эсин өстүрүүгө, ден соолугун чыңдоого, ошондой эле салттык ыкмалар болгон жаратылыш, оюн, сөз, баарлашуу, түшүндүрүү, жумуш кылуу ж.б. процесстер менен тарбиялоону дагы унутушкан эмес. Элдик педагогикада кыргыз эли аялзатынын, өзгөчө үй-бүлөдө кыз баланын ордуна көңүл буруп, баса белгилешкен. Э. Турсуновдун [6] баса белгилөөсүндө, «кыз беш күнкү конок» – деп аталат, Мейли ал кесир чайкаган манаптын, мейли этеги эки болбогон кембагалдын кызы болсун, кыз ата-энесинин эрмеги, маңдайындагы жылдызы, бапестеген кушу, үйүнүн куту. Энелик доор өкүм сүргөндөн тартып, адам баласы колдонгон түркөй жосун кыз баланы он сегизге чыкканча ата-эненин төрүндө койбой, эки мүчөл жеткирбей, бир мүчөлүндө эле «бирөөнүн бүлөсү» деп, кыз бурак доорун кыйып, кудалашкан жерине узатышчу [6].

Жатындагы кезинде эле кыз баланын багы байланып, жарык дүйнөгө келер замат сыртынан тон бычылып, багылып, кимдир бирөөгө энчиленип, бел куда түшкөн жерге берилчү.

Кыз бала – бирөөнүн бүлөсү, ал – ата-энесинин үйүндө конок. Элдеги мына ушул психология ага этият, сый мамиленин болушун шарттаган. Үй-бүлөдө өзгөчө орду бар кыз балдарга ата эч убакта катуу айтып, үн көтөрүп сүйлөгөн эмес. Колдорунан келишинче төргө олтургузуп, эртеңки күнү башка бирөөнүн бүлөсү, ошондуктан биздин төрдө бүгүн сый көрсүн – деп, бала кезинен тарта келечекте кыз баланын барар жерине, турмуш-тиричиликке тың келин, жубай, эне болуусуна кичинекейинен кылдат даярдашкан, кыла турчу оокатына акырындык менен көнүктүргөн.

Мындай учурда кыз баланы тарбиялоо ишинде үйрөтүү, көрсөтүү, түшүндүрүү ыкмаларын элдик педагогикада макал-лакаптар, жаңылмачтар, табышмактар, эпос, жомоктор, уламыштарды күнүмдүк-турмуш тиричиликте колдонуу аркылуу тарбиялашкан. Тарбиялоонун мындай каражаты абдан натыйжалуу болгон. Себеби кыз баланы бир гана эмгекке үйрөтүү менен чектелбестен анын руханий аң-сезимин, адемгерчилигин дагы өстүрүп, эртеңки күнү турмушка толук кандуу даярдалышына шарт түзүп беришкен.

Кыздарга ырыскыны таанып аны сактаганды, сарамжалдуу болгонду, жоктукка, оордукка чыдамдуу болгонду, эркекти сыйлап, ага баш ийгенди, улууларга ийкемдүү болгонду, кечиримдүүлүктү, намыскөйлүктү башынан эле үйрөтүү сөзсүз керек. Бактылуу адам башканы да бактылуу кыла алат. «Буудайдын барар жери тегирмен, кыздын барар жери күйөө» дегендей, кыз бойго жеткенде турмуш курат, башка үй-бүлөгө келин болуп барат. Ал кандай үй-бүлө? Ал жаңы үй-бүлө, башка чөйрө. Бул өтө орчундуу маселе. Ушунча көп түшүнбөгөн суроолор, ушунча көп кыйынчылыктар болот. Бирок ушул убакта адамга токтоолук керек, ойлонуп жооп берип, акырындан жаңы үй-бүлөң менен таанышып, көнүп, аралашып кеткенге аракет кылыш керек. «Эшигин көрүп төрүнө өт, энесин көрүп кызын ал» дегендей, энеси кызына кандай тарбия берсе, кызы ошондой болуп тарбияланып өсүп чоңоет. Кыздын ички мүнөзү, көз карашы, адамгерчилиги, эмгекчилдиги, чыдамдуулугу, адептүүлүгү, намыскөйлүгү – баары энесин тартат. Демек, кыздын бактылуу болушуна, кийинки турмушка ыймандуу, эмгекчил, акыл-эстүү бүлө даярдап берүүгө – сөзсүз түрүндө эне милдеттүү.

«Сууну сиңген жерге куй, акылды уккан кишиге айт» дегендей, жаштайынан сезимдүү болуп, акыл угуп чоңойгон кыз бала келечекте бактылуу, ырыстуу болот. Эгерде кыз бала акыл албаса, жаштайынан көп басып, жүрүш-турушу бузулуп, чылым чегип, улууларды көзгө илбей, алкагол ичип, ата-энесин уят кылса, анда ал жаш кезинен абийиринен ажырап, өзүнүн келечегине, тагдырына балта чаап, бактысыз өмүр сүрөт.

Кызынын келечеги, жакшы тагдыры, бактысы үчүн эне өзүн-өзү тарбиялаган. Эне: «Кызым чоңоюп келатат, эшигиме бирөө келгидей болсун», – деген. Эненин коомдогу орду, абийири, кадыры, дегеле, абалы анын кызынын тагдырын чечүүдө бирден-бир негиз болгон. Кызы эстүү чыкса, коомчулук, оболу, энесин мактаган, акылсыз болсо, энесине сөз тийген. Ошол эле учурда атанын абалы да кыз үчүн маанилүү болгон. «Мата даңкы менен бөз өтөт, ата даңкы менен кыз өтөт». Демек, атасы коомдо атак-даңкы бар, кадырлуу инсан болсо, ал кызынын тагдырына түздөн-түз таасир берген, тескерисинче болсо, залакасын тийгизген. «Арык атка туз бербе, акылсызга кыз бербе», «Кыздуу кыраң ашат» сыяктуу макал-лакаптар кыз баланын турмушка аттануусунда ата-энесинин негизги милдетти өтөөрүн чагылдырып турат.

Кыздар, зайыптар чачынын узундугу, көзүнүн каралыгы, бутунун кичинелиги менен эмес, ириде, адамгерчилиги, акылы, тиричиликке бышыктыгы, сыйчылдыгы, адеби менен бааланган. Бүгүнкү күндө жан дүйнөбүз талкаланып, материалдык дүйнөгө гана көңүл бурулуп калды.

Ошондуктан коомубузда болуп жаткан көйгөйлөрдү акын сыяктуу жүрөгүбүздөн өткөрүп, терең ойлоно турган убакыт келип жетти.

Элдик педагогиканы алып карай турган болсок, кызды тарбиялоо процесси үч баскычка бөлүнгөн. Алгачкы баскычында кыз баланы төрөлгөн учурунан баштап, 9-13 жашка чейин тарбиялоо мезгили деп аталган. Бул баскычта ата-эне кыз баланы уул баладан айырмалап, үйүндө кыз төрөлсө «кырк жылкылуу болдум» - деп тууган-уругуна сү-

йүнчүлөө менен кызынын жарык дүйнөдөгү жашоосун баштаган. Атанын «кырк жылкылуу» болдум деген сөзү каймана түрдө бир нече маанини туюндурган. Бул мен кыздуу болдум, эртеңки күнү кызыма татыктуу тарбия берип, турмушка узатам. Турмушка узатканымда берген таалим-тарбиям үчүн астыма келген кудаларым калыңына жылкы алып келет – деген тамаша-чыны аралаш айтылган кеп болгон. Мына ошондон баштап, кыз балага апасы тарабынан өзгөчө тарбия берүү башталган. Эркек балдарга караганда кыздар эрте жетилип, сезимтал, чыйрак жана ар нерсеге дилгир болуп, турмушка болгон көз карашы эрте жетилет. Мына ошол себептен кыздарды кичине кезинен баштап, алына жараша жасай ала турган үй-тиричилигине тиешелүү иштерди жасатып, үй-бүлөдө казан-аякка аралашууга, кыз бала эртеңки күнү жасай турган оокатка кичинесинен көнүктүргөн. Бул эртеңки күнү кыз баланы оокатка көнүктүрүп, үйрөтүүнүн бирден бир жолу болгон [2].

Азыркы учурда ата-энелердин түшүнүгүндө балам жаш, оокат кылганга эрте деген түшүнүк менен жашашат. Үй-бүлөдө кыздарды оокат-аштан, ата-энеси четтетип, оолак кармаганга аракет кылышат. Бул көрүнүш туура эмес, колунан келсе кичинесинен кыз баланы апа турмушка көнүктүрүү максатында жанына алып үйрөтсө, эртеңки күнү оокатка тың, чыйрак болот. Биздин элде кыз бала секелек кезинен эле кундуздай узун чачын кырк өрүмгө өрүү менен эркек балдардан өзгөчөлөнүп турган. Бул учурда каздыр-көптүр убактыларын бөлүп, оюнга алаксыган кыздарды үй оокатын аткарганга да көнүктүрүшкөн. Өзгөчө 9-10 жашка чыккандан баштап, кыздын жүрүм-турумунан баштап, анын кулк-мүнөзүнө чейин маани беришкен.

Коомдо үй-бүлөнүн алган орду абдан чоң болгондуктан, үй-бүлөдөгү ата-эненин, чоң атанын, чоң апанын, үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирине кылган мамилелери тарбияла躍нып, өсүп келе жаткан өспүрүмдөр үчүн абдан чоң үлгү болгон. Үй-бүлөдөгү кыз эненин жүрүм-турумдарын үлгү тутуу менен, өзүлөрү дагы ошондой болууга дилгирленип чоңоюшкан. Биринчи баскычта үй-бүлөдө кыз баланын, жашоо образына, жүрүм-турумуна көз салуу менен биринчилерден болуп физикалык, акыл-эс, нравалык, эмгек жана табигый сапаттарын калыптандырууга басым жасашкан.

Экинчи баскычтагы 14-15 жаштагы кыз балдарды тарбиялоо. Тарбия процессинин бул мезгили баардыгынан жогору турган мезгилдердин бири. Мындай учурда кыз баланы эртеңки күнү бирөөнүн бүлөсү болгонго, кайын журтуна башка үйгө барып, оокат кылганга, турмушка даярдашкан. Бул убакта мурдагы секелек кезине салыштырмалуу жашы жетилип, чоңоюп калгандыктан, эл алдында тартынып, ийменип, өзүлөрүн ыйбаа кармап, коомчулуктун алдында үнүн акырын чыгарып сүйлөп, ээн-эркин баспай, үй-бүлөдө апасынын, жеңесинин оң колуна айланган. Өткөн күнгө салыштырмалуу бүгүнкү күндү ала турган болсок, бул убакта мектеп окуучулары бош убактыларын кайда жумшашат? Алар кандай оокат кылганды билишет? Эртеңки күнү турмуш курганга даярбы? Апасынын тарбиясын алганбы? Кыз балага тиешелүү болгон намыс, абийир турмушта баардыгынан жогору тургандыгын түшүнүшөбү? - деген сыяктуу ж.б. суроолор жаралат.

Үй-бүлөдө апа кыздын баскан турганын, жүрүм-турумун кыраакылык менен байкоого алган. Анын коштоп жүргөн чөйрөсүнө кылдаттык менен көз салган. Кыздын жүрүм-турум адеби, ыйманы, намысы баардыгынан бийик бааланган. Кыз баланы тарбиялоо эненин милдети деп – ата кыз кишини тарбиялоого киришкен эмес. Кыз – атадан ийменип, болгон нерсени жашырбай, энесине айтып, энеси менен сырдаш. Бойго жеткен кыз баланын басыгы элдин, коомдун, айлана-чөй-

рөнүн көз алдында болот деген максатта, ата-эне ар кандай иштерден, коомчулуктун алдына чыгаруудан оолак кармашкан [1].

Үчүнчү баскыч жогорку баскыч деп аталып, кыз баланын 16-18 жаш курагы же турмуш куруугa даярдануу мезгили деп аталат. Бул баскыч жогорудагы баскычтардын жыйынтыктоочу баскычы. Тагыраак айтканда, кыз төрөлгөндөн баштап, үй-бүлөдө улуулардын айтканы, кылганы, түшүндүргөнү аркылуу тарбияланып келсе, эми бул куракта «кыз бала эртеңки күнү бирөөнүн бүлөсү» деген максатта өзүлөрүнүн эртеңки күнкү үй-бүлөсүн, кайын журтун, жолдошун элестетип, алар менен болгон мамилесин кыялданып, курбу-курдаштары, теңтуштары менен бул туурасында сыр чечишкен. Мындай учур кыздар үчүн абдан кооптуу мезгил болгондуктан, ата-эне баардыгына даяр турган. «Кыз бүгүн конок, эртең жок» – дегендей, бойго жеткен кызы бар үй-бүлөгө жуучу түшкөндөр, кеп-сөз айтып, кызды кудалагандар көп болгон. Айрыкча бул ата-тектүү, таалим-тарбиялуу, оокат-аштуу үй-бүлөгө тиешелүү көрүнүштөрдүн бири болгон. Колунда бар ак-сөөк адамдардын кыздары да абройлуу, каадалуу, барктуу болгон. Жөнөкөй турмушту күн кечирип жашагандарга өзүлөрү теңдүүлөр куда түшүп, кызынын колун сурашкан. Мындайга «тең теңи менен» деген макал туура келген. Үй-бүлөдө кыздын жанында жеңеси баардык нерсени башынан аягына чейин түшүндүрүп, өзгөчө бойго жеткен кыз абийирин, ыйманын, намысын, бек сакташы, болочоктогу жолдошу үчүн аруу, таза бойдон барышы керек экендигин кулагына кумдай куюп, үйрөткөн. Бул маалда апа байкоочунун ролун аткарып, кыздын баскан-турганына, бой-келбетине, кылган ишине дыкаттык менен көз салган. Ар бир апа үй оокаты кыздын кылаар жумушу, сырттагы оокат эркек баланыкы деп үйрөткөндүктөн, кыздар оор жумушка чыгышкан эмес. Ал гана эмес, сөзү бүтүшүп, эртеңки күнү бирге түтүн булатып, баш кошуп, бир үй-бүлө болобуз деген кыз-жигиттин сүйлөшүүсү да жеңе аркылуу ишке ашкан. Бул илгери болгон. Бойго жеткен маалда кыздар да каада күтүп, жаштар чогулган той кечелерге, жаштар оюндарына көбүрөөк барышканга, өзүлөрү теңдүү кыз-жигиттер менен мамиле курганга далалат кылышкан. Мындай учурда кыз келбетине кам көргөнгө, жарашыктуу кийингенге да аракет кылган. Бирок кичипейил, акыл-эстүү, назик, элпек, таза, уяң, жароокер болсо, айлана-чөйрөдөгүлөр да кыздын келбетинен мурун мүнөзүнө баа беришкен. Табият берген чырайга жарашыктуу кийинип, асемденип, тулку боюн таза, түз алып жүргөн кыздар көзгө бат урунуп, элдин, бойго жеткен жигиттердин кеп-сөзүнө бат алынган. Эгерде энеси кызын начар тарбиялап, анан дагы болушуп, куда-сөөгү менен жакшы-жаман айтышып, тирешип, ортодогу мамиле бузулса – анда ал эне кызын бактысыз кылчу эне. Башка үй-бүлөгө барганда, ал үйдүн ээлерин сыйлап, барган үйүмө батайын, ошол үйдүн мүчөсү болоюн деп жакшы ниет менен ыйбаа кылып, токтоо, сабырдуу болушу керек. «Сабырдын түбү сары алтын» дегендей, чыдамдуу болгон киши жеңет. Кыз балага жумуш жасаганга акырындап үйрөтө берсе, ал кыз кийинки турмушуна даяр болот да, учуру келгенде көп кыйналбайт. Мунун баарысын үйрөтүүчү биринчи энеси, анан эжеси, жеңеси, жакын адамдары болот. Бул баскыч кыздардын жаш куракТык жетилүү процессиинин жыйынтыктоочу процесстеринин бири болгондуктан, кыз баланы толугу менен башка бирөөнүн бүлөсү болгонго, турмушта өз ордун таап, үй-бүлөдө ата-энеден үйрөнгөн, көргөн, билген турмуштук тажрыйбаларга таянуу менен келиндик кызмат өтөп, наристелүү болгонго даярдык көрүү менен жыйынтыкталат.

Жогорудагы баскычтарды басып өткөн кыздардын жашоо процесси максаттуу түзүлүштү өзүнө камтыйт. Кандай кырдаалда

болбосун турмушта кыз баланын ордун табуу кыйынга тургандыктан, мындай маалда ата-эненин тарбиясы азыркы учурда дагы абдан актуалдуу.

Ар бир үй-бүлө, ар бир ата-эне кыз баланы туура тарбиялоого астейдил кызыкдар болуп, үйдө да, көчөдө да кыздарыбыз туура багытты тандоосу үчүн тарбия багытындагы бардык шарттарды жандандыруубуз керек го, - деп ойлойбуз.

**Адабияттар:**

1. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби: элдик салт [Текст] / А.Акматалиев. – Б.: Баласагын, 1993.
2. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы [Текст] / Алимбеков А. – Б.: Алтын тамыр, 1997. – 62 б.
3. Кыргыздар: санжыра, тарых, мурас, каада [Текст] / түзгөн К. Жусупов. 2 том. - Бишкек.,1993.
4. Рахимова М.Р. Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы [Текст] / Рахимова М.Р. Панкова Т.В., Калдыбаева А.Т. Бишкек 2002. – 208-214-бб.
5. Тургунбаева Ж.Ж. «Балдарды элдик дидактикалык чыгармалар аркылуу адептүүлүккө тарбиялоодогу ата-эненин ролу» деген темада интерактивдүү сабак [Текст] / Ж.Ж.Тургунбаева // БГУнун жарчысы. – 2011. – №3 (20). – 77-79-бб.
6. Турсунов Э. «Балбай баатыр баяны». [Текст] / Турсунов Э. – Б.: 2016.-200-б.

***Рецензент: п.и.д., профессор Субанова М.С.***